***DOI:10.26104/NNTIK.2023.55.66.056***

***Шарипова Э.К., Орунбаева Г.Ж.***

# ИДЕНТТҮҮЛҮК: МАҢЫЗЫ, ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Шарипова Э.К., Орунбаева Г.Ж.***

# ИДЕНТИЧНОСТЬ: СУЩНОСТЬ, ВИДЫ И ОСОБЕННОСТИ

***E. Sharipova, G. Orunbaeva***

# IDENTITY: ESSENCE, TYPES AND FEATURES

*УДК: 101.1:316*

*Иденттүүлүк – социалдык субъектинин аңдап-сезилген өздүк аныктоосу; анын маанилүүлүгү үч фактор менен аныкталат: индивиддин белгилүү топко тиешелүү болууга, позитивдүү өздүк баалоого жана коопсуздугун сактоого муктаждыгы. Иденттүүлүк – индивиддин, социалдык топтун башка субъект же топ менен өздүк окшоштуруу процесси, белгилүү топко таандыктыгын, ага тиешелүү экендигин аңдап-сезүүнүн калыптанышын билдирүү менен инсандын жүрүм-турумун жөнгө салат. Иденттүүлүк – инсандын тигил же бул жалпылык, маданият, каада-салт жана идеология менен болгон байланышын, ага тиешелүү экендигин сезүүсү. Ар бир адамда жаш курагы, жынысы, кесиби, үй-бүлөлүк-туугандык мамилеси менен аныкталган иденттүүлүктүн түрлөрү кеңири учурайт. Макалада иденттүүлүктүн түрлөрү жана жарандык иденттүүлүк түшүнүгү философиялык талдоого алынды.*

***Негизги сөздөр:*** *иденттүүлүк, социалдык иденттүүлүк, субъект, иденттүүлүк кризиси, топ, жөнгө салуу, жарандык иденттүүлүк, өздүк иденттүүлүк, коопсуздук.*

*Идентичность – это самоопределение социального субъекта; его важность определяется тремя факторами: потребность индивида быть принадлежащим к определенной группе; потребность к позитивной самооценке и потребность в охране безопасности. Идентичность является процессом самоотождествления индивида, группы с другим субъектом или социальной группой и регулирует поведение личности. Идентичность – это чувство принадлежности человека к определенному сообществу, культуре, традиции и идеологии. Типы идентичности, определяемые возрастом, полом, профессией, семейно-родственными отношениями, широко распространены у каждого человека. В статье философски проанализированы типы идентичности и понятие гражданской идентичности.*

***Ключевые слова:*** *идентичность, социальная идентичность, субъект, кризис идентичности, группа, регулирование, гражданская идентичность, самоидентификация, безопасность.*

*Identity is the self-determination of a social subject; its importance is determined by three factors: the individual's need to belong to a particular group; the need for positive self-esteem; and the need for security. Identity is the process of self-identification of an individual, group with another subject or social group and regulates the behavior of the individual. Identity is a person's sense of belonging to a particular community, culture, tradition, and ideology. The types of identity determined by age, gender, profession, family-relationship relationship are widespread in every person. The types of identity and the concept of civil identity were philosophically analyzed in the article.*

***Key words:*** *identification, social, subject, identity crisis, group, regulation, self-assessment, self-identification, security.*

Учурдагы реалдуулукка коомдук турмуштун өзгөрмөлүүлүгү, жаңы геосаясий кырдаал жана антропологиялык динамика, плюрализм, маргиналдык кубулуштар мүнөздүү. Социалдык процесстердин жана институттардын олуттуу трансформациясы иденттүүлүк кризисин пайда кылууда. Иденттүүлүк кризиси боюнча немец философу Э. Эриксон жана Э. Фромм терең изилдөө жүргүзгөн. Э. Фромм айрыкча, иденттүүлүк кризисинин заманбап индустриалдык коомдогу трансформациясын айкын көрсөткөн.

Соңку мезгилде аталган татаал абал социалдык ролдордун алмашуусунан, коомдук чөйрөдөгү өзгөрүүлөрдөн көрүнөт. Иденттүүлүк кризиси антропологиялык мүнөзгө ээ, ал жалпы адамзатка таандык баалуулуктардын жоголушуна алып келет деп белгилейт изилдөөчү А. Маслоу.

Ошол эле учурда тынымсыз өзгөрүүгө дуушарланган дүйнөдөн индивид туруктуу таяныч издеп, топтук, жамааттык, диний негиздемелерге, этникалык салттарга же улутчулдук чакырыктарга кайрылышы абзел. Мындай жагдайда социалдык жана этникалык, улуттук айырмачылыктарды алып жүрүүчүлөргө карата интолеранттык мамиле айрым чыр-чатактардын булагы катары кызмат өтөшү мүмкүн. Бул маселени ааламдашуу, индивидуалдашуу жана социалдык-руханий кризис шартында чечүүгө туура келүүдө. Ошондуктан иденттүүлүк кризисин жоюу, жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу туруктуу социалдык өнүгүүнүн стратегиялык багыттарынын бирине айланууда. Мындай иденттүүлүктү калыптандыруу жогору тараптан, мамлекет аркылуу гана жүргүзүлүшү бир жактуу болот. Чындыгында ар бир атуул жарандык укуктарды жана милдеттерди алып жүрүүчү катары өзүнүн иш-аракетине жоопкерчилик менен мамиле жасап, улуттар аралык биримдикти, мамлекеттүүлүктү бекемдөөгө салым кошушу зарыл: «Кыргыз Республикасын андан ары ийгиликтүү жана туруктуу өнүктүрүүнүн башкы шарттарынын бири мамлекеттик жарандык аң-сезимди калыптандыруу жана толеранттуулукка тарбиялоо менен бардык этностук жамааттардын башын кошуп, улуттук биримдикти камсыз кылуу болуп саналат» [1, 13-345-бб.].

Жарандык иденттүүлүктү социалдык-философиялык талдоо жалпы эле иденттүүлүк жөнүндө онтологиялык, когнитивдүү, коомдук-психологиялык, аксиологиялык жагдайларды бириктирген интегративдүү рефлексия түзүүгө негиз болот. Идентифика-

циянын механизмдерин жана факторлорун өздөштүрүү жарандык иденттүүлүктү калыптандырууга керектүү шарттарды жаратууга жардам берет. Мындай шартталган иденттүүлүк адамдын эмоционалдык абалын жана өздүк баалоосун аныктаган күчтүү каражат, чыгармачыл ишмердүүлүгүнүн негизги өзөк болуп саналат да, муундар аралык өтүүчүлүктү камсыздайт. Дегеле идентификациянын эффективдүү механизмдерин үйрөнүү – терең мазмундуу билим берүүнү уюштурууда өтө керектүү өбөлгө, анткени жарандык иденттүүлүктү жоготуу билимдерди өздөштүрүүнүн сапатын төмөндөтөт, инсандын ички дүйнөсүндө деструктивдүү, аморалдык процесстерди пайда кылат. Социомаданий чөйрөдө калыптануучу иденттүүлүк индивиддердин жүрүм-турумунун мотивациясын аныктап, атуулдук коомдун өнүгүшүнүн негизги пайдубалы экендигин эске алып, «Кыргыз Республикасындагы элдердин биримдигин жана этникалар аралык мамилелерди бекемдөө Концепциясында», 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы сыяктуу стратегиялык документтерде бирдиктүү кыргызстандык жарандык улутту, улуттук-мамлекеттик иденттүүлүктү калыптандыруу зарылдыгы баса белгиленет.

Иденттүүлүк – инсандын тигил же бул жалпылык, маданият, каада-салт жана идеология менен болгон байланышын, ага тиешелүү экендигин сезүүсү. Ар бир адамда жаш курагы, жынысы, кесиби, үй-бүлөлүк-туугандык мамилеси менен аныкталган иденттүүлүктүн түрлөрү кеңири учурайт. Иденттүүлүк бул-адамдын өздүгүн, түпкүлүгүн таанып-билүүсү. Бул тааным анын кайсы бир топтук жалпылык менен окшоштугун издөөсү жана руханий талап болуп саналат.

Социалдык иденттүүлүк индивиддин аң-сезиминин элементи катары жарандардын социалдык, экономикалык жана саясий шарттарынан көз каранды. Азыркы геосаясий мейкиндиктеги көптөгөн келишпеспектер, чыр-чатактар иденттүүлүк, маданияттардын, баалуулуктардын ортосундагы айырмачылыктар менен тыгыз байланышкан. Социалдык иденттүүлүк топтор аралык мамилелердин эле негизи эмес, адам өзүн тиешелүү деп эсептеген маданиятты, тарыхты, ишмердүүлүктү индивидуалдык кабыл алуунун белгилүү критерийи катары да каралат. Идентификациянын негизи мотивациясы болуп өздүк урматтоо сезими саналат [2, 36-б.].

Социалдык иденттүүлүк бүтүн динамикалык түзүлүш иретинде инсандын коомдук түзүлүшүнүн системасын чагылдырат. Изилденип жаткан категориянын структурасына идентификациялык мүнөздөмөлөрдүн көптөгөн түрлөрү кирет, мисалы үй-бүлөлүк, жыныстык, жаш курактык, кесиптик ж.б. [3, 12-б.]. Алардын ичинен изилдөө предмети катары жарандык иденттүүлүккө зор орун таандык.

Коомдун социалдык-саясий жана экономикалык структураларынын трансформациясы инсандар аралык жана топтордун ортосундагы байланыштарды үзүп, чыр-чатактардын, келишпестиктердин, түрдүү татаал жагдайлардын келип чыгышын шарттоодо. Мындай кырдаалда жарандык иденттүүлүк индивиддин, мамлекеттин ишмердүүлүгүн позитивдүү колдоонун, социалдык байланыштарды негиздөөдө активдүүлүктү өнүктүрүүнүн, ресурстарга эс-акылдуулук менен мамиле кылуунун фактору катары кызмат өтөй алат. Социалдык иденттүүлүк интеграция жана дифференциация процесстерине негизделген. Анда адамдын өзүнүн жамаатына таандыктыгы жана башкалардан айырмачылыгы жөнүндөгү элестөөлөр чагылдырылган. Ошол себептүү иденттүүлүктүн тигил же бул формасында кандай интеграциялык жана дифференциалдык белгилер жаткандыгын түшүнүү зарыл.

Азыркы геосаясий мейкиндиктеги социалдык-саясий жана руханий кризис шартында субъекттер мындай татаал абалдан чыгуунун бир нече жолун тандап алышууда: биринчиси – инсан топтон физикалык (миграция) жана психикалык мааниде алыстап, группа менен болгон байланышын үзөт. Экинчисинде инсан өзүнүн ички иденттүүлүгүн калыбына келтирүүгө аракет жасайт. Туруктуу топтук иденттүүлүктүн бузулушунун үчүнчү варианты болуп иденттүүлүктүн структурасынын өзгөрүшү эсептелет. Аталган жагдайда негизинен иденттүүлүктүн ролун үй-бүлө аткарат [4, 10-44-бб.].

Үй-бүлөдө инсан социалдык мейкиндиктеги туруксуздуктан баш калкалап, өзүнүн абалын стабилдүү сезет. Мында «биз» түшүнүгү туугандарды, жолдош-жоролорду, кызыкчылыктары окшош топторду, коллегаларды камтыса, «алар» түшүнүгү негативдүү мааниге ээ.

Эриксон иденттүүлүктү эки аспектиде карайт:

1. «Мен-иденттүүлүк»; ал өз кезинде органикалык жана индивидуалдык сыяктуу эки компоненттен турат. Органикалык компонент адамдын физикалык сырткы келбетин кучагына алса, индивидуалдык компоненти адамдын уникалдуулугун, кайталангыстыгын, өз мүмкүнчүлүктөрүн, кызыкчылыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүп, турмушка ашырууга умтулуусун түшүндүрөт;

2. Социалдык иденттүүлүк; ал өз кезегинде топтук жана психосоциалдык болуп бөлүнөт. Топтук иденттүүлүк инсандын түрдүү жамаатка кошулушун, өзүн курчап турган социалдык чөйрө менен ички биримдигин субъективдүү сезүүнү билдирет. Ал эми психосоциалдык иденттүүлүк тигил же бул социумдун чегинде өзүнүн маанилүүлүгүн сезүүнү аныктайт. Индивидуалдык иденттүүлүк топтук иденттүүлүктүн бир түрү катары белгилүү болсо, топтук иденттүүлүк – жалпы социум тарабынан кабыл алынган нормалардын жана үлгүлөрдүн суммасы. Иденттүүлүктүн ста-

билдүүлүгү инсандын өзү жөнүндөгү жана социумдун башка мүчөлөрү тууралуу көз караштарынын, элестөөлөрүнүн, пикирлеринин ортосундагы гармониялык мамилеге жетишүүнү камсыз кылат [5, 53-б.].

Ыңгайлашуу динамикалык процесс болуп саналгандыктан, өнүгүү процессинде адамдын идентүүлүгү өзгөрүп жаткан тышкы чөйрөгө ылайык адаптацияланат. Анын натыйжасында нормативдүү, психологиялык кризис пайда болушу мүмкүн. Бул кризис адамдын дүйнөдөгү өз орду, умтулуулары жана башка субъекттер менен болгон мамилеси жөнүндө активдүү ой жүгүртүүдөн билинет.

Жогоруда белгиленгендей, кризистин натыйжасында индивидде, ошондой эле топто фрустация, депрессия, агрессивдүүлүк, ички чыр-чатак пайда болот. Психо-социалдык кризис – инсандын жогорку деңгээлдеги иденттүүлүккө ээ болушундагы негизги баскычтардын бири. Иденттүүлүк кризиси коомдук өнүгүүнүн кризиси менен тыгыз байланышкан, анткени аталган кубулуш коомдо басымдуулук кылган саясий маданияттын негизинде жаткан баалуулуктар жана идеалдар талкаланып, субъект жаңы руханий багыттарды издей баштаганда келип чыгат.

Социалдык кризис коомдун идеологиялык бүтүндүгүнүн бузулушу, аксиологиялык ченемдердин баштапкы системасынын талкаланышы менен мүнөздөлөт. Аталган кырдаалда ар тараптуу өнүккөн индивиддер «психо-социалдык мораторий» абалына дуушар болуп, жалпы социум тарабынан кабыл алынган баалуулуктардан баш тартат, ошондой эле коомдо басымдуулук кылган аксиологиялык ченемдерден жана иденттүүлүктөн түп-тамырынан айырмаланган иденттүүлүктү калыптандырат.

Иденттүүлүк социумдун бардык мүчөлөрүнө, ошондой эле топторго «биз» – «алар» сезимин жайылтууга мүмкүндүк түзөт. Позитивдүү иденттүүлүк – инсандын башка субъект же топ менен жалпылыгын позитивдүү аңдап-сезиши; мында «биз» – «алар» бири-бирине карама-каршы коюлбайт. Ал эми негативдүү иденттүүлүк – «биз» түшүнүгүнүн «аларга» түп тамырынан карама-каршы турушу.

Иденттүүлүктүн төмөнкү түрлөрүн белгилөөгө болот: маданий, кесиптик, саясий, этникалык, аймактык, конфессионалдык, жарандык ж.б. Алардын айрымдары субъект үчүн өтө маанилүү болушу мүмкүн [6, 67-б.]. Иденттүүлүктүн иерархиясы түрдүү тышкы факторлордун таасири астында өзгөрүүгө дуушар болуп турат. Иденттүүлүктүн ар кандай формалары өз ара диалектикалык мүнөздө байланышып, бири-бирине дал келип калышы мүмкүн. Мисалы, көптөгөн элдерде, айрыкча коомдук өнүгүүнүн мурунку баскычтарында этникалык иденттүүлүк конфессионалдык иденттүүлүк менен дал келген. Өздүк идентификация процессинде инсан учур чакка багытталып, өзүн конкреттүү мамлекет, белгилүү кесиптик топтун мүчөсү катары аңдап-сезет.

Идентификация процесси индивиддин жана маданияттын сырткы дүйнө менен болгон тыгыз байланышын чагылдырат. Анын ролу дүйнө сүрөттөлүшүнүн алмашуусу менен байланыштуу, башкача айтканда, адамдардын ар кандай маданияттардын өкүлдөрү менен карым-катышы, жашообузга таасирин тийгизип жаткан массалык коммуникация каражаттары, жүрүм-турумдун ар кандай норма, стилдеринин таркалышы жана башка ушул сыяктуулар. Мында актуалдуу маселе болуп руханий баалуулуктарды аңдап-билүү саналат.

Улуттарды жарандык жана этникалык деп экиге бөлүү абстракттуу мүнөзгө ээ, анткени объективдүү реалдуулукта улуттун мындай формалары таза түрүндө учурабайт. Ага карабастан мындай методология изилдөөчүлөргө улут түзүүдөгү басымдуулук кылган элементтерди табууга мүмкүндүк түзөт [7, 47-б.]. Инсандын расасы, тышкы белгилери, өңү, тили, акценти, фамилиясы, дини, географиялык орду индивиддин топко тиешелүүлүгүн аныктаган ички умтулуулары менен салыштырылышы керек. Ошол себептүү «этникалык иденттүүлүк» айрым изилдөөчүлөр тарабынан саясат таануучулук категория иретинде каралып, этнос, баштапкы сезимдер, топтун базалык иденттүүлүгү, алдыңкы процесс сыяктуу түшүнүктөрдү колдонот.

Иденттүүлүктүн структуралык моделин түзүүнүн негизи болуп социалдык иденттүүлүктүн когнитивдүү, эмоционалдык жана баалуулуктук элементтеринин биримдиги жөнүндөгү батыш окумуштууларынын идеялары, ошондой эле инсандын жарандык иденттүүлүгүнүн жүрүм-турумдук элементин бөлүп кароо жөнүндөгү көз караштар эсептелет.

Инсандын социалдык иденттүүлүк системасындагы жарандык иденттүүлүктүн орду тууралуу маселени чечүүдө социалдык иденттүүлүктүн көп түрдүүлүгү жөнүндөгү жобо чоң мааниге ээ. Бирок жогоруда аталган эмгектерде инсандын социалдык иденттүүлүк системасынын элементтерин айырмалап бөлүүдөгү бирдиктүү көз караш такталган эмес. Мисалы, социалдык иденттүүлүктүн түрдүү деңгээлдери бөлүнүп каралып, гендердик жана үй-бүлөлүк, этникалык жана диний, кесиптик-эмгектик, социалдык-топтук, мүлктүк, аймактык жана улуттук, жарандык иденттүүлүк өзгөчө орунда турат. Социалдык иденттүүлүктүн түрлөрүн идентификациянын объектилеринин өзгөчөлүктөрүнө карап классификациялоого болот. Макроиденттүүлүктү (өлкөлүк, жалпы кыргызстандык, жалпы улуттук) жана микроиденттүүлүктү бөлүп изилдөө максатка ылайыктуу (үй-бүлөлүк, социалдык-топтук, этникалык, диний). Социалдык иденттүүлүктү бири-бири менен тыгыз байланышкан этникалык, диний, улуттук, геосаясий жана цивилизациялык иденттүүлүктүн биримдиги катары изилдөө да жакшы

натыйжаларды берет.

Г.Г. Водолазованын эмгектеринде инсандын жарандык иденттүүлүгүнүн калыптанышы талдоого алынып, жарандык коомдун жана жарандын калыптанышындагы мамлекеттин ролу изилденет. Н.Л. Иванова өз изилдөөлөрүндө инсандын жарандык тибинин калыптанышындагы массалык маалымат каражаттарынын маанисин талдоого алат. Ошону менен катар жарандык коомдун калыптанышындагы диний уюм, мекемелердин ролун аныктоого аракет жасаган [9,122-б.].

Жогоруда аталган эмгектердин дээрлик көпчүлүгүндө жарандык иденттүүлүктүн калыптанышы мамлекет тарабынан жөнгө салынган бир жактуу процесс иретинде изилденет; анда жарандык иденттүүлүктүн калыптанышындагы институционалдык жана инсандык механизмдердин байланышы жөнүндөгү маселе терең каралган эмес. Ааламдашуу шартында жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу ар инсандын алдында турган негизги маселелердин бири экендиги баса белгиленет

Иденттүүлүктүн факторлоруна белгилүү чектерге ээ болгон мейкиндик, социалдык убакыт, каадасалттар, коммуникация формалары, искусство, фольклор, идеология, индивиддин билим деңгээли ж.б. кирет. Социомаданий динамизмдин өзгөчөлүктөрү идентификация процессин айырмалап турат.

Эгемендүүлүккө ээ болгон мезгилден бери Кыргызстанда жалпы улуттук идеология толук иштелип чыга элек, ошондой эле саясий жана социомаданий келишпестиктер социумда аздыр-көптүр орун алган. Андыктан бул шартта социосаясий кризистин булактарын эле эмес, аны чечүүнүн жолдорун аныктоодо саясий, маданий өзгөчөлүктөрдү изилдөө зор мааниге ээ.

Маданият коомдук мамилелердин негизин түзүү менен бирге бир адамдан экинчисине социалдашуу процессинде өтүп турат жана субекттин белгилүү жалпылыкка таандыктыгын аныктаган сезимди, б.а. иденттүүлүк сезимин пайда кылат. Чындыгында, адамды маданияттан тышкары элестетүүгө мүмкүн эмес, ошол эле учурда маданият сөзсүз тигил же бул жаранга, этноско тиешелүү. Ошол себептүү аймактык, саясий маданияттын, иденттүүлүктүн калыптанышын, функцияланышын терең жана ар тараптуу изилдөө мезгил талабы болуп саналат.

Индивиддин же топтун «өздүк аң-сезими иретинде каралган иденттүүлүк өздүк идентификациянын натыйжасы катары субъектти башкалардан айырмалап турган сапат болуп эсептелет. Ал адамдын жүрүм-турумун аныктайт.

Батыш изилдөөчүлөрүнүн аталган проблемага арналган эмгектеринин артыкчылык жактары катары иденттүүлүктү бир тараптуу эмес, түрдүү аспектилерди эске алып түшүнүүнү кароого болот. Алар изилденип жаткан феноменди көптөгөн компоненттерден турган көп деңгээлдүү жана өзгөрүүгө дуушар болуп турган система катары карашат. Иденттүүлүк инсандын калыптанып, өнүгүшүндөгү негизги факторлордун бири иретинде каралат. Иденттүүлүк проблемасына арналган көптөгөн философиялык, социологиялык, психологиялык эмгектерде иденттүүлүк өздүк окшоштуруунун натыйжасындагы абал катары, ал эми идентификация ал абалга жетүү процесси иретинде изилденет.

Демек, азыркы геосаясий мейкиндикте коомдо, мамлекетте терең трансформациялар жүрүп, өзгөрүүлөр социалдык реалдуулукту да өзгөртүүгө дуушар кылууда. Социомаданий трансформация иденттүүлүк кризисин пайда кылууда. Анын натыйжалары жарандардын иденттүүлүгүнүн калыптанышына да белгилүү таасирин тийгизүүдө. Иденттүүлүк «өздүк идентификация» түшүнүгүн камтыйт. Өздүк идентификация инсандын, коомдун, мамлекеттин өзүн башкалар менен окшоштурушун билдирет. Иденттүүлүктүн негизинде социумдун интеграциялануунга болгон муктаждыгы, талабы жатат. Ал Ата-мекен, өлкө, мамлекет сыяктуу баалуулуктук символдор аркылуу чагылдырылат.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы [Текст]. - Бишкек: Алтын тамга. - 2013. - 13-345-бб.
2. Козин Н.Г. Идентификация. История. Человек [Текст] / Н.Г. Козин // Вопросы философии. - 2011. - №1. - 36-б.
3. Амердинова М.М. Самосознание и современность [Текст] / М.М. Амердинова. - Бишкек: Б.и., 2002. - 10-44-бб.
4. Эриксон Э. Идентичность: юность и кризис [Текст] / Э. Эриксон. - М.: Прогресс, 1996. - 5-53-бб.
5. Тишков В.А. Идентичность и культурные границы [Текст] / В.А. Тишков // Идентичность и конфликт в постсоветских государствах / под ред. М.Б. Олкотт, В.А. Тишкова, А. Малашенко. - М., 1997. - 6-67-бб.
6. Семенова Ю.А. Становление гражданского общества в глобализирующемся мире: аксиологический аспект [Текст] / Ю.А. Семенова // Национальная философия в контексте современных глобальных процессов: материалы Межд. науч.-практ. конф., 16-17 дек. 2010 г. / науч.-ред. совет: А.А. Лазаревич [и др.]; НАН Белоруссии, Инс-т философии. - Минск, 2011. - 47-б.
7. Водолазов Г.Г. Гражданское общество и мир политики [Текст] / Г.Г. Водолазов // Философские науки. - 2005. - №3. – 7-25-бб.
8. Иванова Н.Л., Румянцева, Т.В. Социальная идентичность: теория и практика. - М.: Изд-во СГУ, 2008.